АДАБИЯТТАР:

1. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. -В 2-х Т. –М., 1963.
2. Окутуу орусча жүргүзүлгөн башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы /Долбоор/ Түзгөндөр: Добаев К.Д., Молдоев А.М., 1989.
3. Леонтьев А.А. Методика преподавания русского языка. –М., 1988.
4. Шаталов В.Ф. Бардыгын окутуу, ар биреөн окутуу. Педагогикалык изденүү, китепте. -Фрунзе, 1989.
5. Общая методика обучения иностранным языкам в средней школе /Под ред. Миролюбова А.А., Рахманова И.В., Цетлин В.С. –М., 1967.

УДК 372.70

Б.Т. Тултуков, А. Ш.Турдиева

*Иссыккульский институт кооперации им. акад. Алышбаева*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУЧУЛАРЫНЫН БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛДЕРИН ТЕКШЕРУҮНҮН СТАНДАРТТЫК ЭМЕС ЖОЛУ

*Окуучулардын математика боюнча алган билимдерин текшерүүнүн стандарттык эмес жолу тууралуу сөз болот Стандарттык эмес ыкмасы катары математикалык аңгеме каралды жана аны өздөштүрүүнүн усулу сунушталды.*

Математика байыркы илим экендиги баарыбызга белгилүү. Ал быйыркы эле илим болуп кала беребестен, кандай коомдо жашабайлы Адам баласы муктаж болгон зарылчылыктардын негизинде жаңы түшүнүктөр пайда болуп, алар өңүгүп-өсүп отурарын турмуш далилдөөдө, башкача айтканда математика – бул турмуштун чындыгын чагылдырган илим. Илим түрдүү деңгээлде өздөштүрүлөт, бул тууралуу орус элинин жазуучусу А. И. Герцен мындай деген: «Татаал илим болбойт. Кабыл алууга татаал болгон түшүнүксүз баяндоолор гана болот. Илимдин түшүнүктүү болуусу үчүн аны жөнөкөй., кадыресе тил менен сүйлөтүү – педагогиканын негизги маселеси болушу керек» [1].

Тиешелүү илимдин тигил же бул бөлүгүн ачуу үчүн адам адегенде ошол багыттагы билимге ээ болушу керек. Ал эми билим башаты - башталгыч класс. Демек, башталгыч класстан баштап эле тиешелүү материал боюнча билим берилип, ал билимди келечекте пайдалана билүү максатын ишке ашыруу зарыл.

Бүгүнкү күндөгү белгилүү новатор мугалим Ш.Амонашвилинин математика сабагын өтүү методунун бир бөлүгү жогоруда айтылган А.И.Герцендин сөзүн толук аныктап берет. Ш.Амонашвили мектеп босогосун жаңы гана аттаган алты жашар окуучуларга доскада жазылып коюлган жогорку математиканын формулаларын, алардын далилдөөлөрүн көрсөтөт да: «Биз ушуну окуйбуз», - дейт. Жаңы гана тамга тааный баштаган окуучуларда ал формулалар таптакыр түшүнүксүз болот да, алар таңдана карашат. Бир нече суроо жооптордон кийин Ш.Амонашвили бул жазуулар бир кезде окуучуларга кеңири түшүнүктүү болуп каларын, татаал эч нерсе жоктугун, ошол татаал бул көрүнгөн нерселерди толук өздөштүрүүгө мүмкүн экендигин айтып, ал үчүн бүгүкү күндөн жакшы окуш керектигин түшүндүрөт [2].

Демек «татаал илим болбойт». Аны жөнөкөйлөтүп көрсөтүү педагогдордун милдети. Ал материалды изденүүчүлүк менен балдарга үйрөтө билүү, аң сезиминде калыптандыруу зарыл. Өз билимине ишине алган гана окуучу татаал илим жоктугуна ишенет.

Ал эми балдардын билимин калыптандыруу педагогика илиминде каралып келет. Максат билимдерди үстөкө-босток бере бериш эмес, анын мурункусун текшерип, бышыктап кийинкисине өтүү. Өзгөчө математика сабагында окуучулардын билимдерин текшерүү эч үзгүлтүксүз жүргүзүлүүсү талап кылынат.

Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана көнүмүштөрүн текшерүү жана баалоо окуу процессинин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. Текшерүү билимге,

билгичтикке жана көнүмүштөргө ээ болуунун түрдүү этаптарында колдонулат жана ал ошол эле учурда бир нече функцияларды аткарат.

Окуучулардын алган билимдерин талдоо алардын таанып билуучулук активдуулугун жогорулатуу окуу процессинин жетишуусунун негизги шарты болуп саналат. Бирок пландын негизи болгон жалпылоо контролдоодо балдар ээ болуучу окуу материалдарын кайталанма жолдор менен жүргүзүү окуучулардын предметке болгон кызыгууларын төмөндөтөт. Өзгөчө бардык өтүлгөн материалдар боюнча негизги түшүнүктөрдү, эрежелерди, текшерүүнү көздөгөн жыйынтык кайталоодо текшерүүнүн кайталанма жолдорун колдонуунун эффективдүүлүгү аз болот .

Ар бир мугалимдин, өзгөчө башталгыч класстын мугалиминин ар күнү ар түрдүү ыкма менен сабак өтүүсү окуучулардын билим дүйнөсүнө болгон кызыгуусун арттырып, предметтерди сүйө билүүсүнө жетиштирет.

Текшерүүнүн стандарттуу жолдору мектептерде кеңири колдонулуп келет, башкача айтканда, кайталана берүүчү көрүнүштөр. Бүгүнкү күндө окуутунун жаңы методдору, формалары, түрлөрү ачылып жаткан убакта, кайталанма көрүнүштөрдү ишибизге сиңирип алууга болбойт. Андыктан кай бир чанда гана мектептердин башталгыч классында колдонула баштаган ыкмаларга таянуу менен окуучуларды алган билимдерин текшерүүнүн жаңы методдорун киргизүү талапка ылайык. Мунун максаттары: кайталана берүүчүлүктөн алыстоо; окуучунун математиканы сүйө билүүсүнө жетишүү; бир эле учурда ойнотуу, өнүктүрүү жана билимдерин текшерүүнү колго алып, тажатма эмес кызыктуу сабак өттүү; математика ар кырдаалда, ар жерде ар сүйлөмдө, сөздө, ар ойунда кезигерин түшүндүрүү; ошондой эле аз убактты талап кылуу менен окуучулардын билимдерин толук түрдө текшерүү.

Сабак биринчи иретте окуучунун аракеттенүү процесси болууга тийиши. Ага өз алдынча иштөөгө, ой жүгүртүүгөө убакыт да, мүмкүнчүлүк да берүү ылайык. Мында мугалимге жетектөөчү жана уюштуруучу иштери гана ыйгарыланганы жакшы. Демек, окуучулардын математикалык даярдыгын текшерүүнүн жаңы формаларын, башкага айтканда, стандарттык эмес жолдорун иштеп чыгуу бүгүнкү күндүн талабына ылайык келет.

Башталгыч класстын окуучулардын математика боюнча алган билимдерин текшерүүнүүн стандарттык эмес жолу катары математикалык аңгемени алдык.

**Математикалык аңгеме** - белгилүү мазмундагы, кандайдыр бир окуяны баяндаган, көркөм сөз каражаттары катышып, тиешелүү багытта математикалык түшүнүктөр камтылган чыгарма. Мазмундуу болгон соң ал тарбиялык да максаттарга жооп бере алат. Анын сүйлөмдөрү балдардын тилине жатык келип ошол эле учурда көркөм, шар окуусун көзөмөлдөйт. Математикалык аңгеме башка чыгармалардай эле окуучулардын сөз байлыгын, оюн толук баяндай билүүсүн да жөндөйт. Эң негизгиси ал окуучулардын математика боюнча алган билимдерин текшерүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Берилген математикалык аңгемени чечмелеп окуу менен окуучулардын цифраны атай билүүсү, туура окуусу, логакалык ойлосуу, сандарды жаза билүүсү тешерилет.

Окуучуларга математикалык аңгемени тез-тез өтүү менен мугалим көптөгөн жетишкендерге ээ болот. Мисалы:

1) концентр боюнча билимдерин текшере, бышыктай алат; сандарды номерлөөсүн, окуй билүүсүн көзөмөлдөйт;
2) ой жүгүртүүсүн, математика, эне тил сабактарына болгон кызыгуусун арттыра алат;
3) окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн ойготот;
4) шар, көркөм, туура окуй билүүсүнө жетишет.

Математикалык ангемени өздөштүрүү методикасын бир катар баскычтарга бөлүп кетер элек:

- жаңы тапшырмалар (мисалдар) аркылуу математикалык ангеме менен иштөөгө даярдык иштердин жүргүзүлүүсү;
- окуучулардын өз алдынча иштей баштоосу (мүмкүн болушунча перфокарта менен);
- берилген математикалык аңгемени дароо окуп берүүсү, абзац боюнча окутуп иштетсе болот;
- окуучулардын өзүлөрүнүн математикалык аңгеме түзө баштоосу.

Мындай даярдык иштер 1-класстан баштап жүргүзүлөт. Математикалык аңгемени

берүү үчүн адегенде сүрөттүү көнүгүүлөр менен иштөө максатка ылайык.

М: та + 

ат +  (тиш)

Асан  го чыкты.  дон тоо  терип келди.

Асан тоого чыкты. Тоодон тоо пияз терип келди.

Мында та деген муунга сүрөттүн аталышы, башкача айтканда, бак сөзү кошулат деп түшүндүрүлөт. Натыйжада та + бак = табак,
ат + тиш = аттиш сөзү чыгат.

Эки-үч сабакта ушул типтеги көнүгүүлөр жүргүзүлүп, анан «Санга тамга аралаш» темасындагы даярдык жумуштарына өтөбүз. Ондук ичиндеги сандарды номерлөөсүн текшерүүдө математикалык аңгеме боюнча төмөндөгүдөй тапшырмаларды берүү менен даярдык жүргүзсө болот:

ж + 10 5 + ик
жо + 10 5 + им
1 + и ош + 10 + до
5 + мант өчүрг + 3 [3]

Сандарды окуп, жаза билген окуучу гана бул сөздөрдү таба алат.

Төмөндөгүдөй суроо – жооптор жүргүзүлөт:

Ж+10

—Тамгага санды кошо алабызбы? (жок)

—Бирок тапшырманын шартында жообун, башкача айтканда, маани бирген бир создү чыгаруу керек да (окуучунун жообун угуу).

—Тамгага санды кошолу, ал үчүн сандын окулушун тамга менен берели.10-цифрасын жазалы ОН. Демек Ж+ОН= жон болот.

Ушул сыяктуу эки-үч көнүгүү жүргүзүлгөндөн кийин окуучулар мугалимдин жетектөөсүндө өз алдынча иштей баштashat.

Натыйжада төмөдөгүдөй окушат

Жо+10=жоон 5+ик=бешик өчүрг+3=өчүргүч
1+и=бири 5+им=бешим
5+мант=бешмант ош+10+до=ошондо

Мугалим өзүнүн чыгармалачылыгына карай бир нече көнүгүүлөрдү жүргүзө алат. Мында миңдик концентрине ылайыкталган математикалык аңгеменин үлгүсүн келтирсек: Боорукер дос

Жамал экөөбүз 1 күн 3 ырактан Барск 10 го жол тосуп турганбыз. Жолд 10 7-8 кадам ары жакта балдардын от жагып жатканын көрүп 7 п бардык да, алар 1 тыйын чычканды отко кактап өлтүргөнү жатканына күбө болдук.

Жам 6 йын чычканга боору ооруп:

- Силердин боор ооору сези 1000ер жокпу? Деги акылыңар 7 лгенби? Алдагыны өрттөгүчө мага бергилечи деп сураса, ортодо турган бала:

- муну бер 80 эмне бересиң? Ке 4 төйбүз баары 1,7 ги колуңдагы саатты бересиңби? Деп 40 ыраган тыйын чычканды мыкчый кармады.

Жам 6 йын чыканды кечэ 2 эле күн 3 олп 10 эжеси сатып берген саатка алмашты. Жүнү үрпөйүп, дем алуусу басаңдап, шалдайып калган тыйын чычканды бооруна кысып, та 40 өрбөй калган сымал киртийген көздөрүн карап туруп, аны мене кош 30 акка түшкөндөй ыйлап жиберди. Бапестеп акырын көтөрө үйүнө алып келип, күнү-түн 3 ыйпыйы чыга үстүнө үйрүлүп түшүп жатып 6 йын чычканды айыктырып алды. Жакшы боло баштаган сайын көгүлү 90 уркай карап кубанып жүрдү, толук 7 лгенде 2 ийинчерээк токойго кое берди.

Жаңы саттан жаны ачыган тыйын чычканга ичи ачышкан досума ар дайым ыраазымын.

Күндүн талабына жараша окутуунун каражатын стандартташтыруудан чыгаруу керек. Бул өңдүү иш- тажрыйбалар окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатарына ишенебиз.

АДАБИЯТТАР:

1. Герцен А. И. Былое и думы. -Л., 1958.
2. Амонашвили Ш. А. Здравствуйте, дети. -М., 1989.
3. Байчечекей 1989 май.